логической работы в местах лишения свободы и развития системы постпенитенциарной помощи таким лицам; создание условий для подготовки освобождающихся лиц к дальнейшей постпенитенциарной адаптации через службу пробации, создание которой предусматривается Концепцией долгосрочного социально-экономического развития Российской Федерации на период до 2020 года, утвержденной распоряжением Правительства Российской Федерации от 17 ноября 2008 г. № 1662-р [9].

Таким образом, зарубежный опыт создания служб пробации также указывает на их деятельность в составе органов юстиции, а также необходимость осуществления не только контроля поведения за лицами, освобожденными из мест лишения свободы, но и помощи в адаптации осужденных к жизни после отбытия наказания.

Таким образом, с учетом постпенитенциарного характера осуществления административного надзора, а также эффективности внутриведомственного взаимодействия перед межведомственным, целесообразным представляется передача функций по осуществлению административного надзора (вместе с функциями по координации постпенитенциарной адаптации и реабилитации) службе пробации, создаваемой на базе уголовно-исполнительных инспекций УФСИН России как имеющих достаточную базу для осуществления указанной деятельности.

## СПИСОК ИСПОЛЬЗОВАННЫХ ИСТОЧНИКОВ И ЛИТЕРАТУРЫ:

1. Scott-Hayward C. S. Shadow sentencing: the imposition of federal supervised release [Tecx]: //Berkeley J. Crim. L. - 2013. - Т. 18. - С. 180-229

2. Federal Sentencing Guidelines [Electronic resource]: // U.S. Sentencing Commission». - Режим доступа: https://www.ussc.gov/guidelines/2018-guidelines-manual - Загл. с экрана.

3. Doherty F. Indeterminate sentencing returns: The invention of supervised release [Tecx]: //NYUL Rev. - 2013. - Т. 88. - С. 958-1030

4. Krause C. A., Pazicky L. A. E. An un-Standard condition: restricting Internet use as a condition of supervised release [Tecx]: //Federal Sentencing Reporter. - 2008. - Т. 20. - №. 3. - С. 201-205.

5. Chan E. J., McNiel D. E., Binder R. L. Sex Offenders in the Digital Age [Tecx]: //Journal of the American Academy of Psychiatry and the Law Online. - 2016. - Т. 44. - №. 3. - С. 368-375.

6. Heard C. Alternatives to imprisonment in Europe: A handbook of good practice [Tecx]: // European Prison Observatory - 2016., 37 c.

7. О пробации [Электронный ресурс]: Закон Кырг. Респ. от 24 февраля 2017 года № 34 // Министерство юстиции Кыргызской Республики». - Режим доступа: http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/111517 - Загл. с экрана.

8. О Концепции развития уголовно-исполнительной системы Российской Федерации до 2020 года [Электронный ресурс]: Распоряжение Правительства РФ от 14.10.2010 N 1772-р // Информационно-правовая система «КонсультантПлюс». - Режим доступа: http://www.consultant.ru - Загл. с экрана.

9. О Концепции долгосрочного социально-экономического развития Российской Федерации на период до 2020 года [Электронный ресурс]: Распоряжение Правительства РФ от 17.11.2008 N 1662-р // Информационно-правовая система «КонсультантПлюс». - Режим доступа: http://www.consultant.ru - Загл. с экрана.

**Рецензент:** Жумашев А. Б., кандидат юридических наук, заведующий кафедрой уголовного процесса и прокурорского надзора КГЮА.

**УДК 342.9 (575,2)**

***Джаналиева Н.К.,***
*КМЮА жарандык процесс жана нотариат кафедрасынын ага мугалими*
***Джаналиева Н.К.,***
*старший преподаватель кафедры гражданского процесса и нотариата КГЮА*
***Dzhanalieva N.K.,***
*Senior Lecturer of KSLA*
*моб. тел.: +996 (555) 490229*
*e-mail: naku88_24@mail.ru*

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УКУКТУК СИСТЕМАСЫНДА АДМИНИСТРАТИВДИК УКУКТУН ӨНҮГҮҮ КЕЛЕЧЕГИ:ЧАКЫРЫКТАР ЖАНА ЧЫНДЫКТАР

## ПЕРСПЕКТИВА РАЗВИТИЯ АДМИНИСТРАТИВНОГО ПРАВА В ПРАВОВОЙ СИСТЕМЕ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ: ВЫЗОВЫ И РЕАЛИИ

## PROSPECTS FOR THE DEVELOPMENT OF ADMINISTRATIVE LAW IN THE LEGAL SYSTEM OF THE KYRGYZ REPUBLIC: CHALLENGES AND REALITIES

***Аннотация:*** *Илимий макалада Кыргыз Республикасынын укуктук тутумунун башкаруу мыйзам түшүнүгүн талдоо, билим берүү системасында башкаруу тартибин мыйзам предметин киргизүү актаган. Бул жүргүзүлүп жаткан укуктук жана сот системасынын Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына салыштырмалуу укуктук талдоо жүргүзүлгөн.*

***Аннотация:*** *В статье анализируется понятие административного права в правовой системе Кыргызской Республики, обосновывается введение предмета административное процедурное право в образовательную систему. Проводится сравнительно-правовой анализ законодательства Кыргызской Республики, в связи проводимой судебно-правовыми реформами.*

***Annotation:*** *The article analyzes the concept of administrative law in the legal system of the Kyrgyz Republic. The introduction of the subject of administrative procedural law in the educational system is justified. On the basis of judicial and legal reform, the entire administrative legislation of the country is examined.*

***Негизги сөздөр:*** *Административдик укук; административдик сот өндүрүшү; административдик процедуралар; укук системасы; укуктун билим берүү системасы; административдик укук бузуулар; административдик укуктун реформалары.*

***Ключевые слова:*** *Административное право; административное судопроизводства; административные процедуры; система право; образовательная система право; административные правонурушения; реформы административного права.*

***Keywords:*** *administrative law; administrative proceedings; administrative procedures; system of law; educational law system; administrative offenses; administrative reform.*

Конференциянын сессиясынын “Административдик укук түшүнүгүн өзгөртүү”аттуу темасынын аталышын эске алып менин көз карашымда Кыргыз Республикасындагы административдик укуктун заманбап абалына негизделген кээ бир актуалдуу суроолорго токтолгум келди. Бул суроолордун чөйрөсү,биринчи кезекте административдик сот өндүрүшүнүн жана процедурасынын практикасы менен аныкталган.

Бирок, бардыгы тартиби менен. Баяндаманы баштаардан мурда мисалдардын бирөөсүнө токтолгум келип турат.Кайсы бир конференциялардын биринде, мен административдик процессуалдык мыйзамдын реформалары жөнүндө доклад окуп жатсам мага мындай деген суроо беришти: «мына бардык административисттер мага жооп бере албайсынар, мына жарандык укук бул материалдык укук ченеми, а жарандык процесс - бул процессуалдык ченем. Эми АПК - бул процессуалдык ченем экени түшүнүктүү, силердин материалдык норманар кана?» Мен өз кезегимде суроого ыраазычылык билдирдим жана материалдык укуктун ченемдери бул- административдик укук.Булар мамлекеттик башкарууну жөнгө салган бардык мыйзамдар, жоболор деп айттым. Бардык мыйзамдар кодификацияланган актта системалаштырылган эмес, алар мыйзамдын ченемдеринен түптөлөт. Мен эмнеге такап жатам, Кыргыз Республикасында АПК жана «административдик иштин жана административдик процедуралардын негиздери жөнүндө» КРнын мыйзамынын пайда болушу менен Кыргыз Республикасынын укуктук системасында административдик укуктун көз карашы өзгөрө баштады.

Укук ченемдери негизинен татаал система болуп эсептелет, анык бирдиктүү, белгилүү бир ички структурага ээ, бул укуктук ченемдер,институттар,укук тармакчалары,укук тармактары. Жана бул системанын дагы өзүнө шайкеш бирдиктүү укуктук жөнгө салуучу предмети бар. Аталган системанын элементтери болуп буга чейин белгилүү болгон коомдук мамилелердин тобуукуктун системасын түзгөн тармактардын предмети эсептелет. Тиешелүү коомдук мамилелердин тобу укук тармагын жөнгө салуунун предмети жана өз кезегинде укуктук жөнгө салууда «керектөөчүнүн» ролунда чыгыш үчүн талаптардын катарына жооп бериши керек.

Мыйзамдын системасынын манызын түшүнүш үчүн, ага илимий мүнөздөмө берүүдө, аны укук системасы менен туура келтирүү керек. Административдик мыйзамдар үчүн бул анын системасы административдик укуктун административдик укуктук мамилелердин жыйындысы катары мүнөзүн жана өзгөчө-

лүктөрүн көрсөтүп турушу керек дегенди түшүндүрөт. Ал аралыкта админитсративдик укуктун системасы жөнүндө суроо азыркыга чейин толук изилденип бүткөн эмес жана ага абдан көнүл буруунун талап кылат. [1]

Белгилүү болгондой, ар бир эле укук ченемдери бири-бири менен предметтик-функционалдык белгилери боюнча биригет. Так ушул негизде укуктук институттар жана укуктун тармакчалары пайда болот.

Ал эми административдик укук жөнүндө айта турган болсок, ал укук тармактарынын системасында толук негиздүү мега укук тармагы деп атоого боло турган өзгөчө, чон массивди көрсөтөт. [1]

Азыркы күнгө чейин Кыргыз Республикасында административдик укуктун системасынын структурасы үч топтогу укук мамилелеринен турат.

Биринчи топ административдик - укуктук мамилелерди чарбалык-экономикалык, социалдык-маданияттуулук жана адмнистра-тивдүү-саясий мамлекеттик башкаруудагы коомдун жашоо чөйрөсүн бириктирип турат. Башкаруучулук административдик-укуктук мамилелердин ишке ашуусунда көзөмөл мамлекеттик башкаруунун өзгөчө функциясы катары камсыз болот. Бул мамилелерди административдик укуктун тармакчасы-административдик башкаруу укугу түзгөн.

Бирок, административдик укуктук мамилелер мамлекеттик башкаруу чөйрөсүндө мамлекеттик укуктун теориясынын бир бөлүгү болуп эсептелээрин белгилей кетишибиз керек.

Административдик-укуктук мамилелердин башка тобу мамлекеттик башкаруу чөйрөсүндөгү коомдук тартипти, коомдук коопсуздукту мамлекеттик органдар тарабынан камсыз кылуу процессинде чыр-чатактарга уруксат берүүдө жаралган. Бул мамилелер деликттердин (тартип бузуулардын) негизинде жаралган. Ушул күнгө чейин Кыргыз Республикасында көп теоретиктер, башка совет мезгилине чейинки мамлекеттер сыяктуу, «административдик укук» түшүнүгү катары, биринчи кезекте административдик укук бузууларды эсептешет. Себеби административдик укук бузуулардын предмети болуп айыптуу иш-аракеттер эсептелет, жана аларга мыйзам тарабынан жоопкерчилик (жоруктар) орнотулган, кенен мааниде административдик укук бузууларды жазык укугунун бир бөлүгү катары түшүндүрүү туура болот.

Бирок, белгилүү болгондой административдик укук өзүнүн заманбап түшүнүгүндө административдик укук бузуулардын укугунан жөнгө салуу максаттары жана укуктук системадагы мааниси боюнча айырмаланат.

Административдик жоопкерчилик жарандын мамлекет алдында укук бузгандыгы үчүн жоопкерчилигин түшүндүрөт, ошол эле убакта административдик укук мыйзамдарды колдонууга жана конкреттүү тармакта жарандын укугун же мыйзамдуу абалын калыбына келтирүүгө багытталган, башкача айтканда мамлекеттик органдардын жарандар менен мамилесин көзөмөлдөөдө жана өз алдынча көзөмөл жүргүзүүгө.

Кыргыз Республикасында 2017-жылдын 1-июлунда кабыл алынган жана киргизилген АПК[2], 2015-жылдын 31-июлундагы КРнын «административдик иш жана административдик процедуралар жөнүндө» [3] мыйзамынын кабыл алынып күчүнө кириши менен, административдик жоопкерчиликтин жаратылышына белгилүү өзгөчөлүктөр кирип жатат.

КРнын АПКнын 15-беренесинде административдик сот өндүрүш тартибинде төмөнкү иштер каралбайт деп көрсөтүлгөн [2]:

1) административдик укук бузуулар жөнүндө (жоруктар жөнүндө) иштерди кароого ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын жана кызмат адамдарынын токтомдорун толугу менен же анын бөлүгүн жараксыз деп таануу жөнүндө;

2) жазык процессинин чөйрөсүндөгү укук мамилелеринен келип чыккан укук коргоо органдарынын аракеттери (аракетсиздиги) жөнүндө;

3) аткаруу документтерин аткарууда соттук аткаруучулардын чечимдери, аракеттери (аракетсиздиги) жөнүндө.

Кыргызстанда масштабдуу соттук-укуктук реформа жүрүп жатат,жыйынтыгында мамлекет, мамлекеттин укуктук системасын түзүүдө жаны форматка өтүп жатат.

Административдик укуктун укуктук системасындагы мыйзамдарды систематизациялоодо жана жакшыртууда, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Конституциясы жана Кыргыз Республикасынын башка мыйзамдары,2013-жылдын 8-августундагы №147 сандуу президенттин жарлыгы, жана 2019-жылдын 1-январынан баштап күчүнө кирген КРнын «Бузуулар жөнүндө» кодекси менен сот адилеттүүлүгүн жакшыртуу максатында. Ал эми административдик

жоопкерчилик жөнүндө кодекс күчүн жоготту. «Бузуулар жөнүндө» кодекс мамлекеттик органдардын ишинде аткаруу-бөлүштүрүүчү процессинде коомчулуктун ар кандай чөйрөдө пайда болуучу мамилелерди жөнгө салууга багытталган, ошондой эле булар менен катар кызмат адамдарын коомдун жана жарандын алдындагы жоопкерчилиги жөнүндө ченемдерди камтыйт. Андан тышкары бул кодексте өзүнчө жактарга же башка юридикалык жактарга карата мамлекеттик таасир берүүчү чаралар жана (мамлекеттик жана муниципалдык органдардан башкасы) мамлекет тарабынан орнотулган эрежелерди аткарбагандыгы үчүн жоопкерчилик аныкталган, ошондой эле аларды иштетүүгө тиешелүү процедуралар иштелип чыккан.

Жогорудагылар менен катар, калкты мамлекеттик же муниципалдык (мисалы жол кыймылы) органдар тарабынан массалык тейлөөгө байланышкан, башкаруу мамилелерин, андан тышкары азыркы категориядагы иштерди кароодо өзгөчө процессуалдык режимди камтыйт. «Бузуулар жөнүндө» кодекс төмөнкүдөй максаттарды көздөйт: укук тартибин коргоо, укук бузууларды жасоодо эскертүү, социалдык калыстыкты калыбына келтирүү, жактарды мыйзамды сыйлоого тарбиялоо. Өзүнүн мазмуну боюнча «Бузуулар жөнүндө» кодекс,мурда КРнын административдик жоопкерчилик жөнүндө кодексинде камтылган ченемдердин катарын өзүнө киргизет. [4]

Жогоруда белгилеп өткөндөй, мамлекетте соттук-укуктук реформанын жүрүшү менен өзгөрүүлөргө мамлекеттин бардык административдик мыйзамдары дуушар болду.Мыйзамдын өзгөрүшү жана 2017-жылдын 1-июлунда АПК кабыл алынып ишке кириши менен, [2] 2015-жылдын 31-июлундагы административдик иш жана административдик процедуралар жөнүндө мыйзамдын [3] кабыл алынышы менен укуктук-билим беруу системасында дагы административдик укук түшүнүгүн өзгөртүүгө туура келди.

Кыргыз Республикасынын президентинин 2018-жылдын 22-майдагы №124 сандуу «соттук реформа жүргүзүүнүн чегинде кабыл алынуучу кээ бир чаралар жөнүндө» жарлыгы менен түзүлгөн,соттук реформанын чегинде өтүүчү иш-чаралардын мониторинги боюнча эксперттик кызмат тобу, соттук-укуктук реформалардын жаны багыттары боюнча, административдик укук жана административдик-процесстик укук предметтерин стандарт проекттерден алып, аларды административдик-процедуралык укук аттуу предмет менен алмаштырууну сунушташты.

Мен жогоруда көрсөтүп кеткендей, кайсы бир бөлүктө физикалык жана юридикалык жактардын жоопкерчилигине тиешелүү, административдик жоопкерчилик жөнүндө кодекс күчүн жоготту. Муну менен Кыргыз Республикасында административдик жоопкерчилик жөнүндө кодекс өзүнүн ишин жана жашоосун токтотту.

Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлигинин 2018-жылдын 31-декабрындагы, №1615/1 сандуу буйругу менен, жогорку профессионалдуу билим берүү боюнча, Мамлекеттик билим берүү стандарты бекитилген.

«Административдик-процедуралык укук» аттуу жаны предмет пайда болду, ал эми административдик укук (эски түшүнүгүндө) предмети толугу менен алынды жана ЖОЖдордо өтүлбөйт. Азыркы предмет жүргүзүлгөн реформалардын жыйынтыгынан келип чыгат жана концепциянын жүрүшүнүн, ошону менен катар, Кыргыз Републикасындагы административдик жоопкерчилик жөнүндө Кодекске карата өзгөрүүлөргө байланыштуу.

Ал эми аткаруу бутагынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу бийлигинин жарандардын жана юридикалык жактардын укугу бузулуп жаткан,кабыл алган чечимдери же кылган иш-аракеттери, Кыргыз Республикасынын «Административдик иштин жана административдик процедуралардын негиздери жөнүндө» мыйзамы менен жөнгө салынат.

Ал эми физикалык жана юридикалык жактардын ортосундагы, административдик органдар менен кызмат адамдарынын укуктарын, эркиндиктерин жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын сотто коргоо максатында, өзгөчө процессуалдык тартипте каралуучу жана уруксат берилүүчү административдик-укуктук уруштар КРнын АПКсы менен жөнгө салынат.

Административдик-процедуралык укук ООПтун профессионалдуу мерчиминин базалык бөлүгүнө тиешелүү.

Маалымат ирээтинде ЖОЖдун окуу планы үч курамдан тураарын белгилей кетсем.

1. Базалык бөлүгү - бул милдеттүү түрдө окуй турган дисциплина катары, мамлекеттик билим берүү стандарттарды аныктаган дициплиналар.

2. ЖОЖдук курам- бул ЖОЖ сунуштаган дисциплиналар

3. Тандоо боюнча курстар

Административдик-процедуралык укук предмети студенттердин практикалык көндүмдөрдү алуусун, процессуалдык документтерди түзүп, административдик - процессуалдык процедураларга коюлган заманбап талаптарды окууну көрсөтөт. Ал студенттердин Кыргыз Республикасынын административдик сот өндүрүшү жөнүндө негизги жоболорду терен жана толук окуп үйрөнүшү үчүн керек.

*Бул дисциплинаны окутуунун максаты* болуп студенттердин административдик процесстин административдик-укуктук институт катары теоретикалык жана практикалык билимдерин түптөө саналат. Ошондой эле юристтин профессионалдуу ишинде административдик процесстин иштөө чөйрөсүндө керектелчү көндүмдөрүн тактап айтканда: жагдайларды туура квалификациялоо үчүн,документтерди даярдоодо, административдик-укуктук мүнөздөгү укуктук актылардын проекттерине юридикалык корутунду берүүдө, укуктук чечимдерди кабыл алууда.

*Дисциплинанын негизги тапшырмалары болуп:* Кыргыз Республикасынын укуктук системасында административдик-процедуралык укуктун ордун ачып көрсөтүү; административдик процедуралык укуктун субъекттерин аныктоо; административдик-процессуалдык иштин суроолорун карoo; «административдик процесс» түшүнүгүнүн маанисин жана мазмунун ачуу; административдик процедуралык укук теориясынын катар түшүнүктөрүн аныктоо; административдик процессуалдык укуктун мамлекеттин укуктук институту катары предметин, тапшырмасын жана фукцияларын ачуу,жана мыйзамдуулукту камсыз кылууда ачык башкаруу чөйрөсүндөгү ролун ачып көрсөтүү;соттордогу уруксат берилген административдик уруштарды жана укуктук негиздерин изилдөө.

Административдик процедуралык укуктун системасы белгилениши жана мазмуну боюнча ар кандай административдик өндүрүштүн тиешелүү критерийлер менен классификация кылууга боло турган жыйындысын түзөт.

Белгилей кетсек, административдик-процедуралык укук мамлекеттик органдардын жана алардын кызмат адамдарынын коом алдындагы жоопкерчилигине байланышкан, жөнгө салуучу жаны предметке ээ болот.

Жаны билим беруу стандартынын айырмачылыгы компетенттүү жүрүштүн бийик турушу, студенттерге ачык түшүндүрүп берүү,тигил же бул дисциплина эмне үчүн керектигин,ал кандай тапшырмаларды чечээрин, жана алган билимдин механикалык суммасынан башка иш программасында каралган натыйжаларга алып бараары менен айырмаланат.

*Административдик-процедуралык укук предметин окуп жана өздөштүргөн бүтүрүүчү төмөнкүдөй компетенцияларга (билгилик) ээ болот:*

*Ченемдик иштин багытталышы боюнча:*

Бүтүрүүчү ченемдик-укук актылардын проектин даярдоодо катыша алат.

*Укук колдонуу ишинин багытталышы боюнча*:

Бүтүрүүчү кызматтык милдеттеринин чегинде чечимдерди тактап жана кабыл алып, ошондой эле укуктук ченемдердин ишке ашышына байланышкан иш-аракеттерди жасоого. Бүтүрүүчү административдик даттануу,административдик доо,өтүнүч, чечим, административдик актылар сыяктуу юридикалык документтерди түзө алат.

*Эксперттик-консультациялык иштин багытталышы боюнча:*

Бүтүрүүчү административдик-процедуралык укуктун суроолору боюнча консультация бере алат.

Бүтүрүүчү документтердин укуктук экспертизасын жүзөгө ашыра алат;

Бүтүрүүчүдө мамлекеттик органдардын жана алардын кызматтык жактарынын административдик актыларына түшүнүк берүү жөндөмү пайда болот.

Бүтүрүүчүдө мамлекеттик органдардын жана алардын кызматтык жактарынын ачык укугу менен байланышкан конкреттүү юридикалык иштин түрлөрү боюнча квалификациялык юридикалык корутунду жана консультация берүү жөндөмү пайда болот.

Бүтүрүүчүдө административдик ченем чыгаруучу кызматтык жактардын иш аракеттерин(аракетсиздигине)жүзөгө ашырууда каталарын ондоо жөндөмү пайда болот.

*Педагогикалык иштин багытталышы боюнча:*

Бүтүрүүчү орто жана орто профессионалдуу окутуу мекемелеринде админитсративдик-процедуралык укук дисциплинасын окута алат.

Бүтүрүүчү студенттерге укуктук тарбияны жүзөгө ашыра алат.

**Административдик - процедуралык укук предметинин структурасына:**

Административдик органдардын жана административдик актылардын түшүнүгү, системасы.

Мамлекеттик жана муниципалдык органдардын административдик иштеги принциптери.

Административдик процедуралар жана алардын укуктук регламентациясы.

Административдик актылардын түрлөрү жана формалары, аларды кабыл алуунун тартиби.

Административдик актыларды сотко чейинки даттануу, административдик органдарды жана алардын кызматтык жактарынын иш аракеттерин(аракетсиздигин).

Административдик актылардын аткарылышы.

Административдик органдардын жана алардын кызматтык жактарынын иш-аракеттерин (аракетсиздигин), чечимдерин соттук тартипте даттануу.

Административдик-процедуралык укук предметинин структурасын болжолдуу түрдө төмөнкүчө бөлүүгө болот:

1-этап: Мамлекеттик органдардын жана алардын кызматтык жактарынын иш-аракеттерин жана административдик актыларын сотко чейинки өндүрүштө даттануу (КРнын адм-к иш жана адм-к проц-лар жөнүндө мыйзамы менен жөнгө салынат).

2-этап: Административдик актыларды жана иш-аракеттерди(аракетсиздигин) соттук тартипте даттануу. Бул жерде доону берүү мөөнөтү,доону кайтаруу же доодон баш тартуунун негиздери, соттук териштирүүнүн өндүрүшү,аппеляциялык жана кассациялык тартипте даттануу. (бул этап КРнын АПКсы менен жөнгө салынат).

Жыйынтыктап жатып,административдик-процедуралык укуктун структурасына төмөнкү административдик өндүрүштөр кирет десек болот:

Мамлекеттик органдардын жана алардын кызматтык жактарынын иш аракеттеринин (аракетсиздигин) административдик актыларын талашуу боюнча өндүрүш.

Мыйзамга чейинки ченемдик-укуктук актыларды талашуу боюнча өндүрүш.

Шайлоо процессинин шайлоо укугундагы субъекттердин укуктарын коргоо иштери боюнча өндүрүш.

Судьяны ээлеген кызматынан мөөнөтүнөн мурда бошотуу жөнүндө судьялардын Кеңешинин чечимин даттануу боюнча өндүрүш.

Жарандык абалдагы актыларды жазуунун туура эместигин аныктоо.

Нотариалдык иш-аракеттерди жасоого же алардан баш тартууга арыздарды кароо.

Андан тышкары жыйынтыгында 2015-2018-жылдар үчүн административдик иштердин статистикасына токтоло кетсем. Жыл сайын жүргүзгөн анализ төмөнкү көрсөткүчтү берет.2016-жылы 766 административдик иш каралган, бул 2015-жылдагыдан (721 иш) 5,8% га көп. 2016-жылда биринчи инстанциянын соттору тарабынан өндүрүштөн 3851 адм-к иш каралып бүткөн, 2015-жылга (3417 иш) салыштырмалуу 12,7% га өскөн. Чечим чыгаруу менен чыккан иштер 1834тү түзөт же 47,6% өндүрүштөн бүткөн иштер, 2015-жылы 1591 иш. Ошону менен катар 1118 же 60,9% арыз канааттандырылган (2015-жылы 1238 же 77,8%). [5]

6 ай ичинде 2018-жылы биринчи инстанциянын соттору тарабынан өндүрүштөн 1174 адм-к иш буткон, 2017-жылдагыдан-1969 иш 40,4% га аз. [5]

2018-жылдын биринчи жарым жылдыгында, жарым жыл ичинде административдик сот өндүрүшүндө биринчи инстанциядагы соттор тарабынан 209 соттук материал каралган, алардын ичинен 115 же 55% канааттандырылган. (2017-жылы 194 арыз каралган, азыркы жылдагыдан 7,7% га аз алардын ичинен 131 же 67,52% арыз канааттандырылган). [5]

2018-жылдын биринчи жарым жылдыгынын структурасында көбүнчө каралган административдик иштер:

- административдик органдын жер участогуна байланышкан иш-аракеттеринин (аракетсиздигин) административдик актыларын толугу менен же бөлүгүн талашуу боюнча - 493 иш же 41,9% алардын ичинен 185 же 37,5% арыз канааттандырылган;
- судьяны мөөнотүнөн мурда ээлеген кызматынан бошотуу боюнча КРнын судьялар Кеңешинин алдындагы Дисциплинардык комиссиянын чечимин даттануу боюнча 6 иш же 0,5% ичинен канааттандырылганы 0;

- Жарандардын жана башка шайлоо процессинин катышуучуларынын шайлоо укугун бузган иш аракеттеринин (аракетсиздигин) чечимин даттануу-1 иш же 0,09% канааттандырылганы 0 [5];

Жыйынтыгында, Кыргыз Республикасынын укуктук системасында «административдик укук» түшүнүгү өзгөрүп жаткандыгын так айтууга болот.

Көрүнүп тургандай ар жыл сайын соттордо административдик иштердин саны өсүп жатат. Кыргыз Республикасынын укуктук системасындагы административдик укук түшүнүгүнүн өзгөрүшүн, административдик мыйзамдын гармонизацияланышы жана өсүшү үчүн жакшы белги деп эсептейм.

Өзүнүздөр байкагандай, Кыргыз Республикасында административдик укук чөйрөсүндө бир гана мыйзам актылары кабыл алынбастан, билим берүү системасы дагы өсүп жатат.

## КОЛДОНУЛГАН БУЛАКТАРДЫН ЖАНА АДАБИЯТТАРДЫН ТИЗМЕСИ:

1. Юсупов, В.А. Административдик укуктун жана процесстин актуалдуу көйгөйлөрү илимий-практикалык тегерек столго жалпы көрүнүш [Текст]:/ В.А.Юсупов. - Рязань.- 2016. - 22-б.

2. Административдик процесстик кодекс [Электрондук ресурс]: КРнын 2017-жылдын 25-январындагы №13 сандуу мыйзамы (КРнын 2017-жылдын 28 июлюнан № 149 мыйзамы менен озгоруу кирген ) // Маалыматтык-укуктук система «ТОКТОМ мамлекет Про».- Кирүү режими. // www.toktom.kg/?comp=main &m_t=1.- Экрандын аталышынан.

3. Административдик иштер жана административдик процедуралар жөнүндө негиздер [Электрондук ресурс]: КРнын 2015-жылдын 31-июлундагы № 210 сандуу мыйзамы // Маалыматтык укуктук система «ТОКТОМ мамлекет Про».- Кирүү режими www.toktom.kg/?comp=main&m_t=1. - Экрандын аталышынан.

4. Кыргыз Республикасынын бузуулар жөнүндө кодекси [Электрондук ресурс]: КРнын 2017-жылдын 13-апрелиндеги №58 сандуу мыйзамы (КРнын 2019-жылдын 21 февралынан № 29 мыйзамы менен озгоруу кирген) //Маалыматтык-укуктук система «ТОКТОМ мамлекет Про». - Кирүү режими www.toktom.kg/?comp=main&m_t=1. - Экрандын аталышынан.

5. Жогорку соттун 2018-жылдан №1(66) Бюллетени [Электрондук ресурс]. - кирүү режими://http://jogorku.sot.kg/sites/default/files/images/byulleten. - Экрандын аталышынан

**Рецензет:** Джумалиев Д. С., юридикалык илиминин кандидаты, конституциялык жана муниципалдык кафедрасынын доцент милдетин аткаруучу КМЮА

**347.73:336.143(575,2)**

***Советбек уулу А.,***
*КМЮАнын мамлекеттин жана укуктун теориясы жана тарыхы жана эл аралык укук кафедрасынын окутуучусу*
***Советбек уулуАскат,***
*преподаватель кафедры теории и истории государства и права и международного права КГЮА*
***Sovetbek uulu A.,***
*Lecturer of Theory and history of state and law and international law department of the KSLA*
***Суйундук кызы Э.,***
*Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу мамлекеттик салык кызматынынбашкы инспектору*
***Суйундук кызы Э.,***
*главный инспектор Государственной налоговой службы при Правительстве Кыргызской Республики*
***Suiunduk kyzy E.,***
*under the Government of the Kyrgyz Republic chief inspector State Tax Service*
*моб. тел.: +996 (551) 211559*
*e-mail: asovetbekov91@gmail.com*

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК САЛЫК КЫЗМАТЫНЫН МААЛЫМАТ ЖАНА БАЙЛАНЫШ ӨНҮГҮҮСҮ

# РАЗВИТИЕ ИНФОРМАЦИОННО-КОММУНИКАЦИОННОГО ОБЕСПЕЧЕНИЯ ГОСУДАРСТВЕННОЙ НАЛОГОВОЙ СЛУЖБЫ В КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКЕ

# DEVELOPMENT OF INFORMATION AND COMMUNICATION SUPPORT OF THE PUBLIC TAX SERVICE IN THE KYRGYZ REPUBLIC